**DOI: 10.33942/sit2012** **УДК 37.013.75**

# ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КЫРДААЛДАРДЫ ЧЕЧҮҮДӨ МУГАЛИМДИН КЕСИПТИК-ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНЫН РОЛУ

**Качкын уулу Алтынбек[1], Рыспаева Ч.К.[2]**
[1] *Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети, ага окутуучу*
[2] *Эл аралык инновациялык технологияла университети, доцеттин м.а.*

***Аннотация:*** *макалада мугалимдин педагогикалык иш аракетинде пайда болгон көйгөйлүү педагогикалык кырдаалдарды чечүүдө кесиптик-педагогикалык маданияттын ролу көрсөтүлдү. Мугалимдин кесиптик-педагогикалык маданиятынын аксиологиялык, технологиялык жана инсандык-чыгармачыл компоненттери пайда болгон көйгөйлүү кырдаалды чечүүнүн натыйжалуулугу каралды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *психологиялык-педагогикалык кырдаалдар, мугалимдин жөндөмдүүлүктөрү, кесиптик-педагогикалык маданият, байкоо, талдоо.*

# РОЛЬ ПРОФЕССИОНАЛЬНО-ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ УЧИТЕЛЯ В РЕШЕНИИ ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКИХ СИТУАЦИЙ

**Качкын уулу Алтынбек[1], Рыспаева Ч.К.[2]**
[1] *Кыргызский национальный университет им. Ж.Баласагына, старший преподаватель*
[2] *Международный унверситет инновационных технологий, и.о.доц.*

***Аннотация:*** *в статье показаны роль и значение профессионально-педагогической культуры учителя в решении проблемных педагогических ситуаций. Рассмотрены эффективность использования компонентов (аксиологический, технологический, личностно-творческий) профессионально-педагогической культуры в решении педагогических ситуаций.*

***Ключевые слова:*** *психолого-педагогические ситуации, способности учителя, профессионально-педагогическая культура, наблюдение, анализ.*

# ROLE OF THE PROFESSIONAL AND PEDAGOGICAL CULTURE OF THE TEACHER IN SOLVING PSYCHOLOGICAL AND PEDAGOGICAL SITUATIONS

**Kachkyn uulu Altynbek[1], Ch. Ryspaeva[2]**
[1] *Kyrgyz National University named after J. Balasagyn*
[2] *International university of innovation technologies, assist. prof.*

***Annotation:*** *the article shows the role and importance of the teacher's professional and pedagogical culture in solving problem pedagogical situations. The efficiency of using the components (axiological, technological, personal and creative) of professional and pedagogical culture in solving pedagogical situations is considered.*

***Key words:*** *psychological and pedagogical situations, professional and pedagogical culture, observation, analysis.*

**Киришүү.** Өлкөбүздөгү акыркы убактарда болуп жаткан социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр мектеп мугалимдерине дагы өзгөчө талаптарды коюп келет.

Педагогикалык ишмердикте, өзүнүн жөндөмдүүлүктөрүн талдоо жана өнүктүрүү, пайда болгон көйгөйлөрдү алдын алуу, аларды чечүүдө окуучулардын курактык, жеке-психикалык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу кесиптик-педагогикалык маданияты калыптанган мугалимдин колунан келет.

**Теманын актуалдуулугу.** Кесиптик-педагогикалык маданияты калыптанган мугалим педагогикалык процессте пайда болгон кырдаалдарды алдын алуу, чечүүнүн натыйжалуу жолдорун теориялык негизде карап андан соң практикада ишке ашырат. Кесиптик-педагогикалык маданияттын 3 компоненти бизге белгилүү, аксиологиялык, технологиялык жана жеке-чыгармачыл [3].

*Аксиологиялык компонент* – мугалим жеке жашоосунда жана кесиптик иш-аракетинде ээ болгон педагогикалык баалуулуктардын жыйындысы.

*Технологиялык компонент* – мугалимдин мектеп шарттарында окуу-тарбиялык ишти уюштуруунун планын, усулдарын, ыкмаларын жана жол-жоболорун камтыган педагогикалык ишмердүүлүгү.

Маданияттын *инсандык-чыгармачыл компоненти* – мугалимдин педагогикалык процессти чыгармачылык менен уюштуруусу жана педагогикалык кырдаалдарды чечүүдө алгылыктуу ыкмаларды колдоно билүү менен аныкталат.

Жогоруда келтирилген кесиптик-педагогикалык маданияттын (КПМ) компонеттеринин негизинде педагогикалык кырдаалдарды эки жол менен чечебиз, биринчиси – чечүүнүн алгоритмин колдонуу, экинчиси – кырдаалга жараша КПМдын аткаруучу функцияларын колдонуу.

Ал эми окуу жайдын милдети – индивиддин ар тараптуу кесиптик өнүгүүсү үчүн эң жагымдуу, ыңгайлуу шарттарды түзүү жана ушул негизде ийгиликтүү карьера жана өзүн-өзү таануу үчүн негизди куруу. Заманбап жашоонун мектеби сабаттуу жана компетенттүү, мобилдүүлүгү менен айырмалана турган, критикалык ой жүгүртүүгө жөндөмдүү, ишке чыгармачылык мамилеси бар жана кесипкөйлүк мотивациясы позитивдүү болгон ишкерлерди күтүүдө [5].

Кырдаал. Сабак учуру. Бир окуучу колун көтөрүп, жооп бере баштады, окуучу кекечтенип, туура эмес жооп берип жатты. Мугалим күтүп туруп бир убакта кыйкырып: "Сен менин убактымды алып жатасын, билбесең унчукпай отура бербейсиңби!" деген сөздөр менен урушту. Классташтарынын жарымы шылдындашса, жарымы мугалимдин мындай реакциясын кескин сындашты. Окуучу бетин жаап ыйлап калды. Пайда болгон кырдаалдан кантип чыкса болот?

*Биринчиси* - педагогикалык кырдаалдарды чечүүдө окумуштуу-педагогдордун көз караштарына таянуу менен атайын чечүүнүн алгоритмин сунуштамакчыбыз.

1. Педагогикалык кырдаалга жалпы баа берүү.
2. Пайда болгон кырдаалды чечпесе кандай жыйынтыкка алып келет?
3. Кырдаалдын келип чыгышынын себептери.
4. Кырдаал учурунда катышуучулардын психологиялык, эмоционалдык, абалдары жана курактык, жеке-психологиялык өзгөчөлүктөрү.
5. Пайда болгон кырдаалды алдын алуу.

6. Пайда болгон кырдаалды чечүүнүн жолдору (кеминде 3 жолду сунуштоо [2].

*Кырдаалды чечүү:* мугалим өзүнүн кесиптик ишмердигинде топтогон баалуулуктары менен пайда болгон кырдалга баа бере алат. Өзүнүн кесиби менен сыймыктанып, мугалим деген кесиптин үлгүлүү ээси болгонго умтулат (аксиологиялык компонент). Ал эми педагогикалык процессте кантип жана эмнеге окутууну, технологиялык компонент ишке ашырып келет. Эгерде окуучуну салттуу түрдө сурап, демитип, катуу талаптарды койсо (жогорудагы кырдаалд), анда бул мугалимдин КПМы төмөн деңгээлде десек болот. Өзүнүн инсаны менен окуучунун инсанына таасир этип, көйгөйлүү кырдаалдарда окуучунун жеке-психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алып, чечүүдө чыгармачыл, жаратмандык менен мамиле кылат [1].

1. Бул кырдаал татаал жана чечүүнү талап кылат – мугалимдин мындай кескин аракети туура эмес.
2. Эгерда бул кырдаалды чечпесе окуучу мындан кийин сабакка даярданбай, өзүнө ишенүүсү төмөндөп, класста мазактоо, шылдыңдоолор күчөшү мүмкүн. Мунун натыйжасынан класста терс психологиялык климат орноп, окуучулардын арасында ажырым пайда болот. Окуучулардын алдында мугалимдин бедели түшүүсү толук ыктымал.
3. Окуучунун ата-энелери катаал формадагы (авторитардык) тарбияны ишке ашырып келиши мүмкүн, алар мектепте баа алууну негизги максат катары эсептешкенден – “эмне кылсам дагы баа алышым керек!” деген аракет кылат. Ошол эле учурда мугалим дагы катаал тарбиялоо ситилин колдонушу мүмкүн.
4. Кырдаал учурунда окуучу жаңылып калуудан корккондуктан кекечтенип, көз жашы билине баштайт. Экинчи катышуучу - мугалим кыжырланып, маанайынын жоктугунан, окуучу айтып бүткүчө чыдабай анын токтоткондугу – чыңалуу абалда экенинин белгиси.
5. Мугалим мындай ыңгайсыз абалда калбашы үчүн, биринчиден – мектепке сырттан көйгөйлөрүн алып келбөө, эгерде андайлар болсо медитативдик техникаларды өздөштүрүүсү зарыл, экинчиден – башка бирөөгө ачууланса келсе, ачуусун алы аз окуучулардан чыгарбоо зарыл (“замещение” – ордун алмаштыруу), үчүнчүдөн - окуучунун жеке өзгөчөлүгүнө жараша тапшырманы талап кылуу керек болчу, мисалы “муз жаргыч” көнүгүүлөрүн кылдыруу менен окуучулардын жакшы маанайын жаратып ишти позитивдүү нуукта салат [4].
6. Мугалим бул кырдаалдан чыгуу үчүн биринчиден, ыйлап жаткан балага эмоцияга алдырганын айтып кечирим суроо керек, “Сен азаматсың, менин абалыма карабай кол көтөрүп жооп бердиң”, деген сыяктуу. Эгерде баланын тынчсызданууусун көрүп турса, мугалим жагымдуу маанай менен кайрылып, мактоо, колдоо көрсөтүүсү абзел. Экинчиден – баланын жөдөмдүүлүгүнө жараша сүрөт тартуу, ар кайсы материалдардан сабакка жараша тетиктерди жасоо ж.б. кылдыруу керек. Мындай жол менен өзүн-өзү төмөн баалаган окуучуга, уят болуу, шылдыңдоонун объектиси болуу коркунучтарын алдын алууга жардам берет.

*Экинчиси* – пайда болгон кырдаалдарды кесиптик-педагогикалык маданияттын аткаруучу гуманисттик, коммуникативдик, тарбиялык, маданият жаратуучу жана маалыматтык функцияларынын негизинде чечүүгө умтулдук [3].

Алгачкы этапта кесиптик-педагогикалык маданияттын функцияларынын ордун, маанисин билүү жана калыптандыруу мотивдерин аныктоо болду. Бул үчүн КПМдын компоненттеринин калыптандырууга түрткү берүүчү педагогикалык милдеттерди жана кырдаалдарды чечүү аракет кылдык. Студенттерге педагогикалык кырдаалдар берилип, аларды калыптанган КПМдын кайсы функциясы аркылуу чечиле турганын көрсөтүү керек болчу.

- Сабагыңызга күтүүсүздөн кадырлуу комиссия келип калды?
- Сабак учурунда окуучуңуз оор жана какшыктаган суроо берди?
- Сабактан кийин сиз бааларды угуздуңуз. Тыныгуу учурунда жаныңызга бир окуучу келип, баасы ылдыйлатылганын айтты?

**Изилдөө жыйынтыгы.** Ар бир студент кырдаалдын маңызын түшүнгөндөн кийин, кайсы кесиптик-педагогикалык маданияттын компонентинин жардамы менен чечүүнүн туура жолун көрсөтүү керек болчу.

1- кырдаалда КПМдын коммуникативдик, окутуучулук жана маданият жаратуучу-таратуучу функциялары аркылуу кырдаалдан чыгууга мүмкүн. Сабак берип жатып класс менен байланышты жакшы деңгээлде кармап туруу, ошону менен бирге кирип келген адамдар менен учурашууну окуучуларга туура жеткирүү. Сабак учурунда мугалим өзүнүн негизги милдетинин ылайык окутуу процессин улантуу жана теманы түшүндүрүү. Маданияттын жаратуучулук-таратуучулук функциялары өзүнөн-өзү ишке ашырылат. Мисалы, комиссия мугалимдин кайсы бир сапатын баалашса, мугалимдик рефлексиянын жардамы менен өзүндө өнүктүрүгө умтулушат.

2- кырдаалда, КПМдын ошол эле коммуникативдик, гумандуулук, тарбиялык ж.б. функцияларынын негизинде окуучу эмне үчүн андай суроо бергенин аныктоо керек. Мындай аракет окуучуну суроо үчүн жазалоо эмес, анын суроо берүү мотивин аныктоо, мисалы мугалимдин дисциплинаны (теманы) канчалык деңгээлде билет экендигин, жалпы кругозорун аныктоо ирээтинде ж.б. берип жаткандыр. Эгерде сабактан тышкаркы суроолорду берсе, анда окуучулар менен жогорудагы функциялардын алкагында “алтын эрежелерди” бирге иштеп чыгуу. Аны сактоо, мугалимдин аракетинен көз каранды.

3- кырдаалда, окуучунун мүнөзү интровертивдүү, темпераменти меланхолик же флегматик болушу мүмкүн [4]. Бул учурда мугалимдин КПМын маалымат берүүчүлүк функциясы аркылуу баалоо критерийлери менен тааныштыруу, кандай учурда кайсы баа коюлаарын. Андан соң коммуникативдик функциянын негизинде байланышты күчөтүү – “Сага чоң рахмат, мени класстын көзүнчө ыңгайсыз абалда калбасын деп, өзүнчө келгенин үчүн!”, бул кадам менен мугалим өзүнүн КПМынын гумандуулук функциясын көргөзүп жатат. Ошону менен катар, окуучуга “мен сени укканга даярмын, сен калыптанган инсансын!” деген белги берүү болду.

Мына ошентип мугалимдин КПМы педагогикалык процессте пайда болгон кырдаалдарды натыйжалуу чечүүгө түрткү берет. Педагогикалык кырдаалдар мугалим

менен окуучунун гана ортосунда болбостон, мектеп администрациясы, ата-энелер, мугалимдер арасында болоору баарбызга белгилүү болду. Мына ушундай көйгөйлөрдү кесиптик-педагогикалык маданияты калыптанган мугалим алдын алып, эгерде көйгөй жарала турган болсо ар бир окуучулардын жеке-психологиялык өзгөчөлүгүн эске алуу менен чече алаары анык болду.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:


1. ***Быков А.К.*** *Психолого-педагогический практикум: Учебное пособие / Авт.-сост. А.К. Быков. — М.: ТЦ Сфера, 2006. — 128 с.*
2. ***Введенская, В.Н.*** *Непрерывное профессиональное образование [Текст]: социально-гуманитарные знания / В.Н. Введенская. – 2004. — № 3. – с.208 – 218.*
3. ***Исаев И.Ф.*** *Теоретические основы формирования профессионально-педагогической культуры преподавателя высшей школы [Тест]: дис. ... д-ра пед. наук / И.Ф. Исаев. – М., 1994. – 468 с.*
4. ***Столяренко Л.Д.*** *Психология и педагогика: учебник. – изд. 4-е. – Ростов н/д: Феникс, 2014. – 636 с.*
5. ***Рыспаева Ч. К.*** *Теоретические основы формирования профессиональной мотивации будущего учителя [Текст] // «Наука и инновационные технологии» №1/2021 (18), Бишкек, 2021, С.194-199.*
6. ***Ермакова Л. И.*** *Развитие акмеологической позиции будущего учителя в процессе педагогической практики : автореф. дис. ... канд. пед. наук : 13.00.08. - Санкт-Петербург, 2010. - 24 с.*
7. ***Рыспаева Ч.К.*** *Учебная мотивация студентов как психолого-педагогическая проблема // «Наука и инновационные технологии» №2/2020 (15), Бишкек, 2020, С.165-173.*
8. ***Рыспаева Ч.К.*** *Мотивационная готовность детей к обучению в школе// научн. журнал: «Наука и инновационные технологии» №2/2016 (2), Бишкек, 2016, С.167-170.*
9. ***Рыспаева Ч. К.*** *Факторы формирования мотивации учебной деятельности у младших школьников// Международный академический журнал «Webofscholar». №6(15), Киев,2017,-С.71-74*
10. ***Качкын уулу А.*** *Формирование этнокультурной компетентности будущих учителей сельских школ «Наука и инновационные технологии» №4/2018 (9), Бишкек, 2018, С.200-203*